**ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин АССТ кафедрасынын кезектеги отурумунун**

**№ 2 ПРОТОКОЛУ**

28-сентябрь, 2023-жыл.

*Төрага:* Кудуев А.Ж.

*Катчы:* Токтосун кызы М.

*Катышкандар:* АССТ кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:* Кафедранын отурумунда каралуучу маселелер:

1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү.
2. Студенттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшерүү иш) мониторингинин жыйынтыгын талкуулоо жана бекитүү
3. Ачык сабактардын планын талкуулоо жана бекитүү. Өтүлгөн ачык сабактарды талкуулоо.
4. Илимий-усулдук семинардын жана ийримдердин иш планын бекитүү.
5. Модулдук системага карата түзүлгөн аралык текшерүү иштердин варианттарын талкуулоо.
6. Ар түрдүү маселелер.

*1-маселе:* Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү.

*Угулду:* Жыйындын төрагасынын м.а Кудуев А.Ж.- жыйында алгач каралуучу маселе мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча болмокчу. Бул маселе 2021-2022 окуу жылында да ортого коюлган. Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасы бекиди. Ушуга ылайык 2021-жылдын 11-октябрдан баштап аталган токтом күчүнө кирген. Биз дагы өз салымыбызды кошушубуз керек. Билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү мамлекеттик тил саясаты жүргүзүү үчүн зарыл шарттарды түзүү жана аларга түрткү берүүчү мүмкүн болгон бардык иш аракеттерди колго алуубуз шарт. Атап айтсак биз окуткан дисциплиналар боюнча окууу материалдарын, илимий макалаларды, диссертациялык иштерди, квалификациялык иштерди мүмкүн болушунча мамлекеттик тилде даярдоону колго алуубуз зарыл.

*Чечим:* Кудуев Алтынбек Жалилбековичтин билдирүүсү эске алынсын, дисциплиналар боюнча окуу материалдары, илимий макалалар, диссертациялык иштер, квалификациялык иштер мамлекеттик тилде даярдоо колго алынсын.

*2-маселе:* Жыйындын төрагасынын м.а. тех.и.к.доцент, Кудуев А.Ж.- Кафедранын базасында окутулуп жаткан дициплиналар боюнча кафедрага тиешелүү адистиктердин, өз билимдерин диагностикалоо боюнча мониторинг жүргүзүлөт.

*Угулду*:

*Сөзгө чыкты:* Мониторинг боюнча кафедрада жоопту Ильичбек кызы Айкөкүл онлайн Google тестин жардамында же башка формада элекрондук тестин жардамында алынары боюнча билдирди.

*Чечим:*

Кафедранын окутуучусу Ильичбек кызы Айкөкүл 2023-2024-окуу жылы үчүн тайпалар аралык мониторинг жүргүзүп, жыйынтыгын протоколдоштурулсун.

*3-маселе:* Ачык сабактардын планын талкуулоо жана бекитүү. Өтүлгөн ачык сабактарды талкуулоо.

*Угулду:* Кафедранын улук окутуучусу Сейитказыева Гулнара Имамалиевна: тех.и.к., доцент Кудуев А.Ж. - «710100 Информатика жана эсептөө техникасы» багытынын «ИИжБАС» профилинин АС(б)-1-22 тайпасына «Visual Studio до тиркемелерди иштеп чыгуу» дисциплинасынан 29 – сентябрда 8-саатта 203-аудиторияда ачык сабак өттү. Ачык сабактын эрежелери толук сакталды, студенттерге маалымат толук жеткирилди, ачык сабак жалпылап айтканда өз максатына жетти. Мындан аркы ишине чыгармачылык ийгиликтерди каалаймын.

*Чечим:* Кудуев А.Жтин өтүлгөн ачык сабагы жактырылсын.

*Угулду*:

4-маселе: Илимий усулдук семинардын жана ийримдердин планын бекитүү.

Жыйындын төрагасынын м.а., доцент Кудуев А.Ж. - Кафедрада илимий иштер боюнча жооптуу, доцент Беделова Н.С., сиздерге илимий иштердин планын алдыңыздарга койду, таанышып чыгып ар бир окутуучу 2023-2024 окуу жылына жеке өздүк илимий пландарды бекитүүсүн сунуштады.

*Чечим:* Илимий изилдөө ишинин жана ийримдердин иш планы бекитилсин. Ар бир окутуучу жеке илимий иш планын иштеп чыксын.

*Угулду:*

*5-маселе:* Модулдук системага карата түзүлгөн аралык текшерүү иштердин варианттарын талкуулоо жана бекитүү.

Жыйынтын төрагасынын м.а., доцент: доцент Кудуев А.Ж.- Модулдук системага карата ар бир окутуучу аралык текшерүү иштеринин варианттарын иштеп чыгып Окуу-усулдук комплекске киргизүү зарыл.

*Жарыш сөзгө чыгышты:* кафедранын доценти Арстанбеков А. - Ар бир окутуучуга жүктөлгөн дициплинанын окуу-жүгүнө карата модулдук системаны кандай, кайсыл тартипте алууңуздарды азыртан тактап, кафедра башчы менен макулдашып бекиттирип берүүңүздөр шарт, себеби тартипке ылайык бул жылда кайталануучу процесс. Ошондуктан ар бириңиздерди бул маселеге жоопкерчиликтүү мамиле жасооңуздар зарыл.

*Чечим:* Кафедранын окутуучусу Арстанбеков Амантурдун сунушу жактырылсын. ПО курам модулдарды жана экзамендери алуу иш кагаздарын кафедра башчыга бекиттирүү зарыл.

*7. Ар түрдүү маселелер.*

Кеңешменин төрагасы: Кудуев А.Ж.

Катчы: Токтосун кызы М.